# Кызыктуу таанышуу



Авторлор: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Кызыктуу таанышуу

Авторлор: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кызыктуу таанышуу" (кыргыз тилинде), авторлор Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бүгүн зоопаркка бардык.

– Эл көп, бизден калып калба, балам. Мен Ширинди жетелейин.

Тосмодогу жаныбарларга колуңду сунба, алар жапайы.

– Макул, апа.

Данияр төө куштарды, маймылдарды таң кала көпкө карап турду.

– Данияр, кандай?

Жолдун аркы бетинде карышкырлар турган тосмонун жанында эжеси менен жүргөн классташы Нурэл кол булгалады. Достор жолуккандарына сүйүнүп, бири-бирине чуркап барышты.

– Жүрсөң, бир нерсе көрсөтөм, – деп Данияр Нурэлди колунан тартты.

Башына кагаздан жасалган калпакты кийген узун бойлуу киши торго шатыны жөлөдү. Бир кучак майда жалбырактуу бутактарды көтөрүп алып, шаты менен өйдө чыкты. Бутактарды тегерете торго илип жатып, аны карап турган эки баланы байкап калды.



– Кызыгып жатасыңарбы? – деп аларга кайрылды.


– Акыраны биринчи жолу жакындан көрүп жатам. Моюну да өтө узун экен. Тордон башын сунуп, бизди тиштеп албайбы? – деп сурады Данияр.

– Аа, коркпогула, тосмо бийик, силерге жетпейт. Акыра дүйнөдөгү эң бийик жаныбар. Бою алты метрге чейин жетет. Акыранын моюну болгону жети омурткадан эле турат. Бирок алар абдан созулган, ошондуктан акыранын моюну узу-у-уун.

– Кызык, моюнуна тамак тыгылып калбайбы?

– Жок, акыранын бою менен тең болгон бактардын жалбырактарын узун тили менен жулуп жейт. Көпкө чайнап, узун мойнуна тамак тыгылып калбасын деп шилекейин көбүрөөк бөлүп чыгарып жутат.





– Нурэл, карасаң. Тили капкара, узун экен, ээ?

– Ооба, ошондой. Жаныбарлар жөнүндөгү энциклопедиядан акыра жөнүндө окугам. Булардын тили 50 см ге чейин болот экен. Акыралардын буттары узун жана абдан ичке, ошол үчүн алар көпкө чуркай алышпайт.

Эгерде жерге кулап же чалынып жыгылып калса, кайра тура албай калат. Ошондуктан акыралар жерге жатпай, туруп укташат. Ал китепте түрдүү жаныбарлар жөнүндө кызыктуу маалыматтар көп. Кааласаң, үйгө барганда чогуу окуп көрөлү.

– Оой, азаматтар! Китеп окуган жакшы балдар турбайсыңарбы. Тигине, көрдүңөрбү? Кичинекей акыра апасынын жанында уктап турат. Булардын уйкусу он-он беш эле мүнөткө созулат. Кана, мага жаныңарда жаткан акациянын бутактарынан берип койгулачы? Абайлагыла, майда тикенеги колуңарга сайылып калбасын.

Данияр менен Нурэл жердеги жашыл жалбырактуу акациянын бутактарынан жарыша алып берип жатышты.

– Байке, азыр акыра турган жерде бактар өспөйт да? Ошондуктан тордун бийик жерлерине бутактарды илип жаткан турбайсызбы?!





– Акыралар чийки пияз жегенди да жакшы көрүшөт. Бирок, көрөм деп келгендердин көпчүлүгү аны билбей, колундагы банан, алма, жада калса, момпосуй да ыргытышат, – деди байке.

– Ооба, байке, тигил жакта эскертүү жазылып турат. Биз окудук, – деди Нурэл.

Апасы менен карындашы балдардын жанына басып келип, Нурэлдин эжеси менен сүйлөшүп калды.

Данияр апасын байкабай, акыраларды кызыга тиктеп турду.

– Байке, акыранын териси да кооз экен, ээ?

– Ооба. Ар бир акыранын терисинде кайталангыс, бири-бирине окшобогон кооз сүрөтү болот.

– Данияр, карасаң, баласы апасы менен сүйлөшүп жатат окшойт.

– Акыралар бири-бири менен ышкырып, үн чыгарып сүйлөшөт. Бирок кишиге ал үндөр угулбайт, – деп түшүндүрдү байке.





– Карасаң, карасаң, тетиги секирип бара жаткан кичинекей жаныбарды.

Ой, курсагына кирип кетти го…

– Аа-а, ал анын апасы да…

– Мына сага кызык. Бөрсөнү да биринчи жолу көрүп жатам, – деди Данияр.

– Мен дагы, – деди Нурэл.

– Бул жаныбар алыскы Австралияда жашайт. Аны бөрсө деп коёт.

Нурэл окуп жаткан энциклопедияда булар жөнүндө көп маалыматтар бар экен, – деп сөзгө кошулду Нурэлдин эжеси.

Жаныбарларды караган байке балдарга кайрылып:


– Көрдүңөрбү, энесинин арткы буттары чоң, күчтүү. Ал эми астыңкы буттары кыска жана кичине. Бөрсөнүн куйругу абдан жоон болот. Чарчаганда ал ошол жоон куйругуна таянып эс алат.

– Азыр дагы куйругуна таянып турат, – деп жарыша чуркурашты балдар.

– Бөрсө кандайдыр бир коркунуч жаралса, дароо куйругуна таянып, арткы чоң буттары менен душманын тебет.

– Ал үч метр бийиктикке чейин секире алат, – деди эжеси.

– Ургаачы бөрсөнүн алдында чөнтөкчөсү бар. Ал жакка жаңы төрөлгөн баласын салып коет. Анан өзү менен кошо ала жүрөт. Кичинекей бөрсөлөй энесинин чөнтөкчөсүндө 6-8 айга чейин жашай берет, – деп байке балдарга кызыктуу аңгеме куруп берди.



– Байке, сиз жаныбарлар жөнүндө көп нерселерди билет экенсиз, – деди Данияр.

– Мен жаныбарлардын жанында жүрөм. Аларга кам көрөм, тамагын берем. Тегерекчетин тазалайм. Жакшы калгыла, балдар, мен башка жаныбарларды карап келейин.

Калпакчан байке шатысын көтөрүп басып кетти.

– Нурэл, энциклопедияңды окуп бүткөндө мага дагы бересиңби?

Жаныбарлар жөнүндө көп нерсе билгим келип жатат. Чоңойгондо мен дагы жаныбарларды багып, ушул байкедей зоопаркта иштейм, – деди Данияр.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Авторлор: Хадича Шамбеталиева,
Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли